Кабыл алынды

№ 1 пед.кеңешме

2022-жыл

Бекитемин

А.К.Молдокулова

2022-жыл

**Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектептин ысык тамакты уюштуруу боюнча жобо**

Кыргыз Ркспубликасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептеринде окуучуларга тамак берүүнү уюштуруу.Жалпы билим берүүчү мектептеринин 1-4-класстарынын окуучулары үчүн тамактануу Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлөт.

(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  -жылдын  -августунда №475, -жылдын  -октябрдагы №527 токтомдорунун редакциясына ылайык)

## Тамактанууну финансирлөө

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептериндги 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун финансирлөө бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептеринде тамактанууну уюштуруу.

**А.Жергиликтүү бийлик органдарынын жоопкерчилиги**

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы төмөнкүлөрдү көзөмөлдөйт.

-мектептердеги казан аяктар,муздаткыч жана башка ашкана идиштерди жана тамак-аш сактоочу жайларга шарт түүзүнү ишке ашырат.

-1-4-класстардын окуучуларын күнүнө 7 сом жылына 180 сом уюштурууну камсыз кылат.

-сүт,нан азыктарын жогоруда көрсөтүлгөн стандартка жооп берген сүт жана нан азыктарын көзөмөлдөөчү уюмду аныктайт.

-тамак берүү пункттарынын иш аракеттерин бекитет.

-мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө органы менен бирдикте тамактанууну уюштуруунун санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берүүсүн көзөмөлдөйт.

**Б.Мектеп администрациясынын жоопкерчилиги**

Мектеп администрациясы

-окуп жаткан жеринде буфетте же ашканада окуучулардын тамактануусун уюштуруу.

-ар бир класстын окуучуларынын тамактануу убактысын бекитет.

-бекитилген эреже боюнча тамактанууну уюштурууну көзөмөлдөөгөжоопту адамды бекитет .

-ар бир окуучуга эртен мененки тамакка 1 стакан сүт,1 булочка берүү менен тамактанууну ишке ашырат,сүт жана булочканы башка суусундук жана нан азыктары менен бирдей баада алмаштырууга жол берилет.

-өзгөчө азыктарды сактоо жайында,ошондой эле окуучулардын гигиенасын жана идиш аяктардын сакталышын санитардык талаптарга жооп бергидей шартты түзөт.